**К.И. СКРЯБИН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК АГРАРДЫК**
**УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ-ОРУС СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 05.19.596 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
УОК 631.22+628.8

**Нарымбетов Максат Сагынаалиевич**

# МАЛКАНАЛАРДАГЫ МИКРОКЛИМАТТЫН ПАРАМЕТРЛЕРИН НЕГИЗДӨӨ ЖАНА КАМСЫЗ КЫЛУУ

(фермердик жана кооперативдик чарбалардын мисалында)

05.20.01 – айыл чарбасын механикалаштыруунун
технологиялары жана каражаттары

техника илимдеринин кандидаты илимий даражасын
изденүүгө диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2021

**Диссертациялык иш К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин айыл чарбасын электрлештирүү жана автоматташтыруу кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** **Осмонов Ысман Джусупбекович**
техника илимдеринин доктору, профессор,
К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук
агрардык университетинин айыл чарбасын
электрлештирүү жана автоматташтыруу
кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Мирзоянц Юрий Ашотович**
техника илимдеринин доктору, профессор, Россия
Федерациясынын БМИ Федералдык илимий
агроинженердик борборунун филиалы – Мал чарбасын
механизациялоо институтунун башкы адиси

**Атамкулова Мушарап Тешеевна**
техника илимдеринин кандидаты, доцент,
М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети,
информатика кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү уюм:** Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университети, жол кыймылынын коопсуздугу жана уюштуруу кафедрасы, 720020, Бишкек ш., Малдыбаева көч., 34б, www.ksucta.kg.

Диссертациялык ишти коргоо 2021-жылдын 24 декабрында саат 14:00 техника илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык жана Кыргыз – Орус Славян университеттеринин алдындагы Д 05.19.596 диссертациялык кеңешинин жыйынында төмөнкү дарек боюнча: 720005, Бишкек шаары, Медеров көчөсү, 68 өткөрүлөт.

Диссертация менен К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин (720005, Бишкек ш., Медеров көч., 68, www.knau.kg) жана Кыргыз – Орус Славян университетинин (720000, Бишкек ш., Киев, көч., 44, www.krsu.edu.kg) китепканаларында таанышууга болот.

Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын коду: https://vc.vak.kg/b/051-ipb-gkh-tdu

Автореферат 2021-жылдын 22-ноябрында жөнөтүлдү.

Д 05.19.596 диссертациялык кеңешинин
окумуштуу катчысы,
техника илимдеринин кандидаты Б.С. Токтоналиев

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Малдын санынын көбөйүшү менен актуалдуулугун арттырып жаткан айыл чарба илиминин приоритеттүү милдеттеринин бири - малкананын керектүү микроклиматынын параметрлерин камсыз кылуу. Кыргыз Республикасында айыл чарба жаныбарларынын жана канаттуулардын бардык түрлөрүнүн (чочколордон башкасынан) жылдык өсүшү орточо эсеп менен 4 пайызды түзөт жана алардын тукумдуулук курамы жакшырууда.

Чет элдик жана жергиликтүү изилдөөчүлөрдүн маалыматы боюнча, жаныбарлардын өндүрүмдүүлүгү 20-30 пайызга чейин малканалардагы микроклиматтын абалына жараша аныкталат, анткени физикалык параметрлердин (температура, нымдуулук, абанын ылдамдыгы) нормасынан четтөө жана абада зыяндуу газдардын (аммиак, күкүрт суутек, метан ж.б.) жогорку концентрацияда болушу жаныбарлардын организмине стрессор болуп саналат.

Малдарды багуунун заманбап технологиялары зоогигиеналык стандарттарга ылайык малканалардагы микроклиматка жогорку талаптарды коет, аларды чечүүчү инженердик-техникалык иштеп чыгуулардын системасын түзүүнү караштырат. Малканалардагы микроклиматты камсыздоонун татаалдыгы ар бир параметр (физикалык-механикалык жана химиялык-биологиялык) малдын организмине жана алардын өндүрүмдүүлүк сапаттарына өзүнчө таасир эткендигинде. Ошол эле учурда, малканалардыгы микроклиматтын бардык параметрлери бир эле убакта малдарга таасирин тийгизет, натыйжада фактордун организмге болгон оң же терс таасири күчөп же азайып, терең өзгөрүүлөрдү жаратат.

Малканалардагы микроклиматты камсыз кылуудагы негизги инженердик-техникалык милдеттер кыкты чыгаруу жана жылытуу-желдетүүчү жабдууларды эффективдүү колдонуу менен байланышкан. Кыктын механикалык касиеттерин изилдөө кыкты иштетүүнүн кирешелүү жолу биогаз технологиясын түздөн-түз малканаларда колдонуу керек экендигин көрсөтүп турат. Ошол эле учурда, биогаз орнотмосу кыкты тазалоонун жана кайра иштетүүнүн технологиялык процессинин уландысы жана акыркы стадиясы болуп саналат, ал баалуу продукциянын бир нече түрүн: биогазды, био жер семирткичтерди, биоотунду, электрдик жана механикалык энергияны чыгарат. Ал эми электр жана механикалык энергия жылытуу-желдетүүчү жабдууларды кыймылга келтирүү үчүн колдонулушу мүмкүн. Малканалардагы микроклиматты камсыз кылуунун мындай системасы энергияны үнөмдөө жана айлана-чөйрөнү коргоо талаптарына жооп берет, анткени кык кайра калыптануучу энергия булактарынын бири болуп саналат.

**Иштин приоритеттүү илимий багыттар менен болгон байланышы:** диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан каржылануучу “Айыл чарбасында технологиялык процесстерди механизациялоо, энергиянын кайра жаралуучу булактарын сыноо” аттуу тармактык илимий-техникалык программасына ылайык аткарылган (келишим ДН-11 №178 20.04.2021).

**Изилдөөнүн максаты жана маселелери**: Изилдөөнүн максаты - мүмкүн болгон эң төмөнкү баада техникалык каражаттардын тиешелүү системасын иштеп чыгуу менен биомасса энергиясын (кыкты) максаттуу колдонуу аркылуу малканалардагы зарыл болгон микроклиматтын параметрлерин камсыз кылуу.

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкү маселелер иштелип чыкты:

- малканалардагы абанын, малдардын, жылытуу-желдетүүчү жабдууулардын жана тосуучу конструкциялардын ортосундагы стандарттуу эмес жылуулук алмашуу үчүн микроклиматты камсыздоо системасын моделдөө;
- жылытуу-желдетүүчү жабдуулардын конструктивдүү-технологиялык схемасын тандоо, малканалардагы жылуулук алмашуу процессин көзөмөлдөө жана анын параметрлерин негиздөө;
- малканалардагы технологиялык максаттарга жетүү үчүн микроклиматтын параметрлерин камсыз кылуу жана негиздөө үчүн инженердик эсептөөлөрдүн методикасын иштеп чыгуу;
- эмпирикалык көз карандылыктытарды алууга мүмкүндүк берген, малканалардын белгиленген жерлериндеги микроклиматтын параметрлеринин чыныгы маанилерин аныктоо үчүн эксперименталдык изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- малканадагы малдын санына жараша кыктын чыгышын изилдөө жана бул маалыматтардын негизинде биогаздын чыгышын жана жылытуу-желдетүүчү жабдуунун электр энергиясына болгон муктаждыгын аныктоо;
- иштин экономикалык натыйжалуулугун аныктоо.

**Изилдөөнүн объектиси:** малканадагы микроклиматты камсыздоонун конструктивдүү-технологиялык схемасы, патент KG 167 МПК А01 К 11/00 Мал багылуучу имаратта микроклиматты камсыздоо системасы; микроклиматтын параметрлери, биогаз, жаныбарлардын кыгы.

**Изилдөөнүн предмети:** абанын, малдардын, имараттын жана технологиялык жабдуулардын ортосундагы жылуулук алмашуунун мыйзам ченемдүүлүктөрү, микроклиматтын параметрлерин жөнгө салуу үчүн абаны жылытуу жана муздатуу энергиясын максаттуу пайдалануу.

**Иштин илимий жаңылыгы:**

- аба, малдар, жылытуу-желдетүүчү жабдуулары менен малканалардагы (уйкана) тосмо конструкцияларынын ортосундагы стационардык эмес жылуулук алмашуунун модели иштелип чыкты;

- малканадагы микроклиматты камсыз кылуу системасынын жаңы конструктивдик-технологиялык схемасы сунушталган, бул жерде энергия булагы болуп когенераторлуу биогаз орнотмосу кызмат кылат;
- малкананын ичиндеги микроклиматтын параметрлеринин өзгөрүү процесстерин мүнөздөөчү аналитикалык көз карандылыктар чыгарылды;
- малканалардагы технологиялык процесстерди сүрөттөчү талаптык көз карандылыктардын негизинде малканадагы малдын санына жараша керектелүүчү электр энергиясынын кубаттуулугун жана биогаздын чыгышын аныктоо үчүн эсептөөнүн методикасы иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык баалуулугу:** эксперименталдык изилдөөлөр көрсөткөндөй, 150 баш бодо малы бар Чүй областынын Панфилов районуна караштуу «Келечек» айыл чарба кооперативинин уйканасында күнүнө 6,0 …6,75 тонна кык бөлүнүп чыгып орточо эсеп менен күнүнө когенератордун жардамы менен 20–25 кВт электр энергиясын өндүрүүгө мүмкүндүк берет, ал жылдын ар кандай мезгилдеринде жылытуу-желдетүүчү жабдууларга болгон муктаждыктарды толук канааттандырат. Электр энергиянын ашыкчасы башка технологиялык процесстер жана тиричиликтик муктаждыктар үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Малканалардын микроклиматын текшерүү жана баалоо боюнча иштелип чыккан системасы ар кандай максатта колдонуучу бөлмөлөрдүн микроклиматын баалоонун стандарттык ыкмаларын иштеп чыгууда колдонулат.

**Алынган жыйынтыктардын экономикалык баалуулугу.** Сунуш кылынган технологиялык схеманы колдонунун негизинде уйларды багуунун жакшыртылган шарттарынын натыйжасында саалган сүттүн көлөмүнүн жогорулашынан алынган эсептик киреше 903762 сомду жана кыктарды кайра иштеткенден кийин органикалык жер семирткичтерди сатуудан алынган киреше 2125125 сомду түздү.

**Коргоого чыгарылган негизги жоболор:**

- малканадагы микроклиматты камсыздоо системасынын модели (абанын, малдардын, технологиялык жабдуулардын жана тосмо конструкцияларынын ортосундагы жылуулук алмашууну чагылдыруучу);
- малканалардагы микроклиматты камсыздоо системасынын конструкциялык-технологиялык схемасы (патент KG №167) жана анын негизги параметрлери;
- климаттык шарттарга жараша малканадагы микроклиматтын негизги параметрлеринин өзгөрүүсүн чагылдырган эмпирикалык көз карандылыктар;
- малканадагы микроклиматты камсыз кылуу үчүн жылуулук жана муздактыкты керектөөнү эсептөөнүн инженердик ыкмалары.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Изденүүчү изилдөөлөрдүн негизги максаттын иштеп чыкты жана маселелерин чечти, теориялык жана

эксперименталдык изилдөөлөрдү аткарды, малканаларда микроклиматты камсыз кылуунун жаңы конструктивдик-технологиялык схемасын иштеп чыкты жана сунуштады.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо:** Диссертациянын материалдары эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда кеңири апробацияланды: К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде (КУАУ) Кыргыз Республикасында жерге жайгаштыруу боюнча жогорку билимдин 20 жылдыгында (Бишкек ш., 2011-ж.); "Тоолор жана климат" (Бишкек ш., КУАУ, 2012-ж.); КУАУнун түзүлгөндүгүнүн 80 жылдыгында (Бишкек ш., 2013-ж.); Башкыр мамлекеттик агрардык университетинде (Уфа ш., 2014-ж.); Көрүнүктүү окумуштуу-ветеринардын, КРнын УИАнын Ардактуу академиги, профессор А. А. Алдашевдин туулган күнүнүн 95 жылдыгында (Бишкек ш., КУАУ, 2014-ж.); КРнын Эмгек сиңирген экономисти Э. И. Арабаевдин туулган күнүнүн 90 жылдыгында (Бишкек ш., КУАУ, 2014-ж.); Алтай мамлекеттик агрардык университетинде (Барнаул ш., 2015-ж.); КР инженердик академиясынын академиги, профессор Т.О. Орозалиевдин 70 жылдыгында (Бишкек ш., КУАУ, 2016-ж.).

**Иштин натыйжаларын жарыялоо:** Диссертациянын темасы боюнча 15 макала жарыяланган, анын ичинен 2си илимий цитатоонун Россиялык индекс бар (ИЦРИ-РИНЦ) чет элдик басылмаларда (Россия, Тажикстан), 12 Кыргыз Республикасынын басылмаларында жарыяланган, 3 Кыргыз Республикасынын пайдалуу моделге патенттери алынган, 4 илимий иш жекече басылып чыккан.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү:** Диссертация киришүүдөн, 4 бөлүмдөн, жыйынтыктоолордон, библиографиялык маалыматтардан жана тиркемелерден турат. Компьютердик текстин 126-бетинде баяндалган, 43 сүрөттү, 7 таблицаны жана 6 тиркемени камтыйт. Колдонулган адабияттардын тизмеси 123 аталыштан турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** иштин актуалдуулугу, максаты жана маселелери, изилдөө объекттери жана предмети, коргоого чыгарылган негизги жоболору, иштин илимий жаңычылдыгы жана практикалык баалуулугу чагылдырылган.

"Маселенин абалы жана изилдөө милдеттери" аттуу **биринчи бапта** малдарды багуунун заманбап ыкмалары, энергияны үнөмдөө жана айлана-чөйрөнү коргоо талаптары менен шартталган биогаз технологиясын колдонуу менен кык иштетүүгө негизделген. (Г.А. Шабикова (2016-ж.), Н.Ы. Темирбаева (2019-ж.), В.А. Бударин (1974-ж.) ж.б.).


Малдарды багуунун заманбап ыкмалары менен бирге малканалардагы микроклиматтын жагымдуу параметрлери зат алмашууга, малдын канынын морфологиялык жана биологиялык касиеттерине, ткандардагы кычкылдануу-калыбына келтирүү процесстерине таасир берген зоогигиеналык ченемдердин сакталышын камсыздайт (М.С. Найденский (2006-ж.), В.М. Юрков (1991-ж.), А.Ф. Кузнецов (2006-ж.) ж.б.).

Ошондой эле малканалардагы абанын газ курамы боюнча өзгөчөлүгү көрсөтүлгөн. Бул курамга 30дан ашык ар кандай газдар, алардын жогорку концентрациясы малдардын организими үчүн стрессор болуп саналат. (А.Н. Назаркулов 2000-ж.), И.М. Голосов (1994-ж.), П.П. Антонов (1983-ж.), Н.А. Степанова (2004-ж.) ж.б.).


Келечеги бар иштеп чыгуулар биогазды, био жер семирткичтерди, тоют кошумчаларын, жылуулук, электрдик жана механикалык энергияларын, оор сууну (метан пайда кылуучу бактериялуу суу) алуу үчүн органикалык калдыктарды кайра иштетүү боюнча ойлоп табууларда белгиленген. Бул иштеп чыгууларда малдардын өндүрүмдүүлүгүн, жашын жана түрүн эске алуу менен дифференцияланган микроклиматты түзүү максатында малканалардагы микроклиматтын параметрлеринин автоматтык башкаруу жолдору көрсөтүлөт (В.И. Тумченок (2000-ж.), Г.И. Ледин (1969-ж.), А.А. Уйминов (2012-ж.), Н.Ф. Капаров (2004-ж.) ж.б.).

Аталган иштеп чыгууларды жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен малканалардын микроклиматын камсыздоо системасын түзүүдө биз жалпы методология катары колдондук.

“Малканалардагы микроклиматты камсыздоо системасын моделдөө” аттуу **экинчи бапта**, системанын конструктивдик-технологиялык схемасы берилген (1, 2-сүр.).




1-сүрөт – Малкананын микроклиматын камсыздоо системасынын схемасы.





2-сүрөт – Желдетүү-жылытуучу орнотмонун схемасы: 1 - аба кабыл алгыч; 2,9 - аба жүгүрткүчтөр; 3 - фильтр; 4 - калорифер; 5, 8 - оң жана сол айлануучу вентиляторлор; 6 - ионизатор (озонатор); 7 - насадкалар; 10, 11, 12 – клапандар.

Малканадагы микроклиматы камсыздоо системасы төмөнкүчө иштейт. Жылдын жылуу мезгилдеринде (абанын температурасы +10 °С жана андан жогоруда) желдетүү-жылытуучу орнотмонун 2 желдетүүчү түзүлүшү гана иштейт (1-сүр.). Таза аба уйканага аба кабыл алгыч 1, аба жүрүч 2, жөндөөчү клапан 12, фильтр 3, жана насадкалар 7, аркылуу оң айлануучу вентилятордун 5 жардамы менен аба кирүүчү канал аркылуу берилет жана кирет (2- сүр.). Уйканадан сорулган аба сол айлануучу вентилятордун 8 жардамы менен клапан 10 аркылуу сыртына чыгарылат. Абанын температурасына жараша малканага аба жеткирүү клапан 12 менен жөнгө салынат. Жылдын жылуу мезгилинде абанын рециркуляциясы болбойт жан клапан 11 жабык абалда турат. Абанын температурасы +10 °С жана андан төмөн болгон жылдын суук жана өткөөл мезгилдеринде системага жылытуу түзүлүшү - калорифер 4 ишке кирет жана абанын рециркуляциясы колдонулат. Бул үчүн уйканадан сорулган аба сол 8 жана оң 5 айлануучу вентиляторлорунун жардамы менен клапан 11 аркылуу малканага жарым-жартылай же толугу менен кайтарылат. Бул учурда, клапан 12 жарым-жартылай ачылышы мүмкүн, ал эми клапан 10 толугу менен жабылат. Эгерде абада зыяндуу заттар жана микробдук флора жок болсо, малканадан чыккан аба рециркуляция үчүн колдонулат жана клапан 12 толугу менен жабылат.

Системанын негизги милдети - уйканага кирген аба менен чыгарылган абанын көлөмүнүн теңдигин камсыз кылуу. Эгерде уйканага аба жеткирүү суук мезгилде минималдуу уруксат берилген энтальпияда, ал эми жылуу

мезгилде максималдуу уруксат берилген энтальпияда сакталса, эксплуатациялык чыгымдар минималдуу деңгээлде сакталат. Бул уйканадагы микроклиматты камсыз кылуунун технологиялык процессинин башкы талабы болуп саналат.


Системалык талдоонун негизинде төмөнкү подсистемалар аныкталды (3-сүр.):


| Подсистемалар | Подсистемаларды түзүүчүлөр |
|---|---|
| Кирүүчү бөлүк (а)<br>Соруучу бөлүк (б)<br>Ионизация секциясы (в)<br>Рециркуляция секциясы(г) |  |
| 1 - аба кабыл алгыч; 2 - аба жүгүрткүчтөр; 3 - аба клапандары; 4 - киргизүүчү фильтр; 5 - муздатуу секциясы; 6 - жылытуу секциясы; 7 - вентилятор; 8 - насадкалар; 9 - калорифер; 10 - ионизатор. | |

3-сүрөт – Уйканадагы микроклиматты камсыздоочу подсистемалар.

Каралып жаткан структураларда башкаруу параметрлери болуп $S_{10}$, $S_{11}$, $S_{12}$ саналат. Тынчсыздандыруучу таасири бар параметрлерге $Q_в$, $t_в$, $\varphi_в$, $\upsilon_в$, И, Н, $t_р$, $t^1_р$, $\varphi_р$, $\varphi^1_р$, $\upsilon_р$, $\upsilon^1_р$, $q_{рм}$, $q^1_{рм}$, $q_{рг}$, $q^1_{рг}$ кирет.

Уйканадагы микроклиматты камсыздоо системасы, башкаруу объектиси катары, сырткы абанын температурасына жараша кирүү жана чыгуу параметрүү эки вариантка ээ (4-сүр.)

| Системанын варианттары | Кирүүчү жана чыгуучу параметрлер |
|---|---|
| биринчи вариант (желдетүүчү орнотмо гана иштеп турганда) | желдетүүчү орнотмонун В түзүмү:<br> |

<table>
<tr>
<td>экинчи вариант<br>(желдетүү-жылытуучу орнотмо иштеп турганда)</td>
<td>желдетүү-жылытуучу орнотмонун В/К түзүмү<br>
</td>
</tr>
<tr>
<td colspan="2">$Q_в$, $Q^1{}_в$ –кирген жана сорулган абанын чыгымдалыштары, м$^3$; $t_в$, $t^1{}_в$ –кирген жана сорулган абанын температуралары, $^0$С; $φ_в$, $φ^1{}_в$ – кирген жана сорулган абанын салыштырмалуу нымдуулуктары, %; $υ_в$, $υ^1{}_в$ – кирген жана сорулган абанын кыймылынын ылдамдыктары, м/с; $q_м$, $q^1{}_м$ – кирген жана сорулган абадагы механикалык кошулмалар, мг/м$^3$; $q_г$, $q^1{}_г$ – кирген жана сорулган абанын газдангандыгы, мг/м$^3$; $S_{12}$ – клапандын 12 абалы; И – абанын иондоштуруунун эселениши (озонизация); Н – кыкты чыгаруунун эселениши; $ΔT^н$ – уйканадагы температуранын айырмасы, $^0$С; Э – электрэнергия, кВт; Э$^1$ – электр энергиясын керектеген кубаттуулук, кВт-ч; ШВ – ызы-чуу жана дирилдөө, дб; ШВ – ызы-чуу жана дирилдөөнүн деңгээли, дб. $Q^{к1}$–калорифердин жылытуу кубаттуулугу, кДж/ч; $t^в{}_р$, $t^1{}_р$ –калориферге чейинки жана андан кийинки рециркуляцияланган абанын температуралары, $^0$С; $φ_р$, $φ_р{}^1$ –калориферге чейинки жана андан кийинки рециркуляцияланган абанын салыштырмалуу нымдуулуктары, %; $υ_р$, $υ^1{}_р$ –желдетүү-жылытуучу орнотмого чейинки жана андан кийинки рециркуляцияланган абанын ылдамдыктары, м/с; $q_{рм}$, $q^1{}_{рм}$ –калориферге чейинки жана андан кийинки рециркуляцияланган абадагы механикалык кошундулары, мг/м$^3$; $q_{рг}$, $q^1{}_{рг}$ –орнотуудан мурунку жана кийинки рециркуляцияланган абанын газдалышы, мг/м$^3$; $S_{11}$ – клапандын 11 абалы; $S_{10}$ – клапандын 10 абалы; $ΔT^п$ – уйканадагы температуранын жогорулашы, $^0$С.</td>
</tr>
</table>

4-сүрөт – Желдетүүчү (В) жана желдетүү-жылытуучу (В/К) орнотмолордун курамы.

Уйкананын микроклиматтын камсыздоо системасынын эки вариантты тең керектүү аба алмашууга жараша абанын туруктуу чыгашалуу системасы болуп саналат. Уйканадагы керектүү абанын

алмашуусу жылуулук, нымдуулук жана газдардын болушунун ченемдик талаптарын эске алуу менен аныкталат.

Биринчи вариант болгон учурда (тышкы абанын температурасы $+10^0$С жана андан жогору болгондо) малдардан (уйлардан) бөлүнгөн жылуулукту жок кылуу үчүн желдетүүчү орнотмонун жардамы менен агып кирүүчү абаны керектүү көлөмдө берүү $Q_в^T$ талап кылынат.

$$Q_в^T = \frac{Q_{изб}}{\rho \cdot C\,(t'_в - t_в)}, \text{ м}^3/\text{ч}, \qquad (1)$$

мында $Q_{изб}$ - уйканага ашыкча жылуулуктун кирүүсү, кДж/ч;

ρ –кирүүчү абанын тыгыздыгы, кг/м$^3$;

С – абанын салыштырмалуу жылуулук сыйымдуулугу, кДж/(кг·К).

Уйканадагы жылуулуктан тышкары уйлар дем алганда ным бөлүнүп чыгат. Нымды үйлөө үчүн төмөндөгүдөй көлөмдө кирүүчү $Q_в^В$ аба керек болот.

$$Q_в^В = \frac{W}{\rho\,(\varphi'_в - \varphi_в)}, \text{ м}^3/\text{ч}, \qquad (2)$$

мында W – уйканадагы ашыкча нымдуулук, кг/ч.

Абадан зыяндуу газдар, абанын төмөндөгүдөй сарпталышын камсыз кылуучу $Q_в^г$: желдетүүчү орнотмонун жардамы менен чыгарылат:

$$Q_в^г = \frac{G}{q'_г - q_г}, \text{ м}^3/\text{ч}, \qquad (3)$$

мында G – уйканадагы газдын чыгышы, мг/ч.

Биринчи вариант боюнча уйканадагы микроклимат системасын эсептөөдө (1), (2) жана (3) теңдемелери негизги болуп саналат.

Уйканадагы абаыын керектүү температурасын жана нымдуулугун сактоо үчүн төмөндөгү шарттын аткарылуусу зарыл:

$$\frac{W}{(\varphi'_в - \varphi_в)} = \frac{Q_{изб}}{(t'_в - t_в)}, \qquad (4)$$

Уйканадагы микроклиматты камсыздоонун технологиялык процессинин негизги критерийине ылайык, минималдуу уруксат берилген жана максималдуу уруксат берилген энтальпия $Q_{в1}$ абаны $t_1$, $\varphi_1$, $h_1$ параметрлери менен аба $Q_{в2}$ менен $t_2$, $\varphi_2$, $h_2$ параметрлери менен аралаштыруу аркылуу аныкталат жана системанын экинчи вариантты боюнча ишке ашат:

$$t_{см} = \frac{Q_{в1} \cdot t_1 + Q_{в2} \cdot t_2}{Q_{в1} + Q_{в2}}, \qquad (5)$$

$$\varphi_{см} = \frac{Q_{в1} \cdot \varphi_1 + Q_{в2} \cdot \varphi_2}{Q_{в1} + Q_{в2}}, \quad (6)$$

$$h_{см} = \frac{Q_{в1} \cdot h_1 + Q_{в2} \cdot h_2}{Q_{в1} + Q_{в2}}, \quad (7)$$

мында $t_{см}$ - аралаш абанын температурасы, $^0C$;

$\varphi_{см}$ – аралаш абанын салыштырмалуу нымдуулугу, %;

$h_{см}$ – аралаш абанын (кургак бөлүгү 1 кг салмактагы нымдуу абанын көлөмүндөгү жылуулуктун саны) энтальпиясы (жылуулукту кармоочулугу), кДж/кг.

Кургак жана нымдуу абанын энтальпияларынын эсептөөсүнүн башталышы катары $0^0C$ гы энтальпияларды алабыз, анда нымдуу абанын энтальпиясы кургак аба менен буу энтальпияларынын суммасына барабар:

$$h_в = m_с \cdot h_с + m_п \cdot h_п, \quad (8)$$

мында $h_в$, $h_с$, $h_п$ - тиешелүүлүгүнө жараша, ным, кургак абанын жана буунун энтальпиялары, кДж/кг;

$m_с$, $m_п$ – тиешелүүлүгүнө жараша кургак аба менен буунун массасы, кг.

Аба энтальпиясынын чыныгы мааниси желдетүү-жылытуучу орнотмонун жылытуу жана муздатуу өндүрүмдүүлүгүн аныктоого мүмкүндүк берет. Бул үчүн, көз карандылыктын кээ бир математикалык өзгөрүүлөрүн чыгарабыз (8):

$$\frac{h_в}{m_с} = h_c + \frac{m_п}{m_c} \cdot h_г = h_с + \varphi \cdot h_п, \quad (9)$$

мында $\varphi = \frac{m_п}{m_c}$ – нымдуу абанын нымдуулугу, %.

Кургак аба энтальпиясы $h_с$ кургак абанын салыштырмалуу жылуулук сыйымдуулугу $C_с$ (кДж/кг·К) менен аныкталат:

$$h_с = C_с \cdot t_с \quad (10)$$

Суу буусунун энтальпиясы $h_п$ салыштырмалуу чоңдук катары төмөндөгүгө барабар:

$$h_п = z_0 + C_п \cdot t, \frac{Дж}{кг}, \quad (11)$$

мында $z_0$ – $^0C$ гы суунун буусунан пайда болгон жашыруун жылуулук ($z_0$=2500 кДж/кг);

$C_п$ – суу буусунун салыштырма жылуулугу ($C_п$ = 1,86 кДж/(кг·К)).

(9) жана (10) көз карандылыктарды эске алуу менен, (8) көз карандылык төмөнкүдөй болот:

$$h_в = C_c \cdot t_c + \varphi(z_0 + C_п \cdot t). \quad (12)$$

Жогоркудан, желдетүү-жылытуучу орнотмонун жылытуу жана муздатуу өндүрүмдүүлүгу төмөнкүдөй аныкталат:

$$Q = Q_в^m\ (h_{в2} - h_{в1}),\ кДж/ч, \quad (13)$$

мында $Q_в^m$ – абанын массалык чыгымы, кг/ч;

$h_{в2}$, $h_{в1}$ – абанын баштапкы жана акыркы энтальпиялары, кДж/кг.

Малкананын микроклиматын камсыздоо системасынын математикалык сүрөттөлүшү системанын алгоритмдик структурасын (динамикалык моделдер) жана айрым элементтерди кирүү жана чыгаруу параметрлеринин байланыштарын талдоонун негизинде тандоого, ошондой эле кирүүчү жана чыгаруучу параметрлеринин жыйындысынан эң маанилүүсүн тандоого мүмкүндүк берди.

Малкананын микроклиматын камсыздоонун биринчи вариантынын математикалык көрүнүшүн жалпы түрдө төмөндөгүдөй көрсөтүүгө болот:

$$Q_в \pm (\Delta Q_в)P = f_1(t_в^i, \varphi_в^i, \upsilon_в^i, q_м^i, q_г^i) = f_2 \sum(t_в^i - \Delta t_в), (\varphi_в^i - \\ - \Delta\varphi_в), (\upsilon_в^i + \Delta\upsilon_в), (q_м^i - \Delta\, q_м), (q_г^i - \Delta q_г), \quad (14)$$

Бул жерде $Q_в \pm (\Delta Q_в)$ P, ыктымалдуулугу P жана уруксат берилген кыйшайуусу бар $\pm\ \Delta Q_e$ болгон уйканадагы керектүү аба алмашууну сүрөттөйт. Уйкананын ички беттериндеги (ички дубалдар, шыптар ж.б.) пайда болуучу параметрлер менен уйкананын касиеттеринин ортосундагы байланышты $f_1$ функциясы көрсөтүп турат. Уйкананын беттериндеги изилденген ар бир параметринин түзүлүү мыйзам ченемдүүлүгүн $f_2$ функциясы сүрөттөйт.

$f_2$ функциясынын математикалык сүрөттөлүшү төмөндөгүдөй болот:

$$f_2 = hF\ (t_в^{'} - \Delta t_в) = C_0 \int_1^v \Delta t_в^v \cdot dV\ , \quad (15)$$






мында, h – сырткы абанан жана беттердин аянттарынын ортосундагы жылуулук алмашуу процессинин ургалдуулугун аныктоочу коэффициент, Вт/(м$^2 \cdot {}^0$С);

$C_0$ – параметрдин салыштырмалуу көлөмдүк жылуулук сыйымдуулугу (биздин учурунда ал суу), Дж / (м$^2 \cdot {}^0$С);

$\Delta t_в^v$ – уйкананын көлөмү боюнча параметрдин (температуранын) убакыт боюнча таралуу мыйзам ченемдүүлүгүн аныктайт.

(14) жана (15) теңдемелеринде берилген сүрөттөөлөр динамикалык моделдер түрүндө берилет, алар ченемдик маанилерине карата кирүүчү жана чыгуучу параметрлеринин өзгөрүүсүн так көрсөтөт. Динамикалык

моделдер дүүлүгүү параметрлерине жараша башкаруу каналдарынын сызыктуу моделдери катары колдонулат (5-сүр.).

| Системанын варианттары | Системанын динамикалык моделдери |
|---|---|
| биринчи вариант | желдетүүчү орнотмонун модели<br><br><br>жөндөөчү клапандын модели<br><br><br>кыкты тазалоонун эселик модели<br><br> |
| экинчи вариант | желдетүү-жылытуучу орнотмонун модели<br><br><br>жөндөөчү клапандардын модели<br><br> |
| $\Delta t_в$, $\Delta t'_в$ – аба температурасынын өзгөрүүсү; $\Delta\upsilon_в$, $\Delta\upsilon'_в$ – аба кыймылынын ылдамдыгынын өзгөрүүсү; $W_1(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон кирүүчү абанын температурасынын өзгөрүшү ; $W_2(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон уйканадагы абанын температурасынын өзгөрүшү; $W_3(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон уйканадагы абаны зыяндуу газдардан тазалоо даражасы; $W_4(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон чыгуучу абанын ылдамдыгынын өзгөрүшү; $W_5(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон уйканадагы абаны механикалык кошулмалардан тазалоо даражасы. $\Delta Q'_в$ – абанын сарпталышынын өзгөрүүсү; $W_6(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон уйканадагы абанын алмашуусунун (жылуу мезгилде) өзгөрүшү; Н – клапандын 12 штогунун жүрүшү; $\Delta q'_r$ – зыяндуу газдардын өзгөрүшү; $W_7(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон уйканадагы газдалуунун өзгөрүшү; К – кыкты тазалоонун эселүүлүгү; $W_8(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон | |


рециркуляцияланган абанын температурасынын өзгөрүшү; $W_9(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон уйканадагы абанын салыштырмалуу нымдуулугунун өзгөрүшү; $Q_р^i$ - рециркуляцияланган абаны сарпталышынын өзгөрүүсү; $W_{10}(P)$ – ыктымалдуулугу Р болгон уйканадагы абанын алмашуусунун өзгөрүшү (суук мезгилде); Н – клапандардын 10, 11, 12 штогунун жүрүшү.

5-сүрөт – Системанын динамикалык моделдери.

Экинчи варианттын динамикалык моделдери, желдетүү-жылытуучу орнотмо иштеп турганда, биринчи вариантка окшош түзүлгөн.

“Изилдөөлөрдүн методикасы жана жыйынтыктарды талдоо” аттуу **үчүнчү бапта** кирүүчү абанын параметрлеринин термодинамикалык моделин түзүү d-h диаграммасында (6-сүр.) берилген, бул моделдер тейленүүчү уйканадагы микроклиматтын параметрлерин жана көп өлчөмдүү функциясын көрсөтүп турат.

$\Delta T^{п}$ чоңдугу уйканага аба берүүнүн ыкмасынан уйкананын көлөмүнөн, аба алмашуунун эселенишинен жана абанын инфильтрациясынан көз каранды. Анын чоңдугу 3…-3$^0$С түзөт жана ченемдик температурага (12$^0$С) жакын, бодо малдар үчүн уруксаат берилет




6-сүрөт – d–h диаграммасындагы уйкананын термодинамикалык модели.

